**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д.07.16.528**

Кол жазма укугунда:
УДК: 94 (575.2) (043.3)

**Назарбаева Батма Суйналиевна**

# 2002-ЖЫЛДАГЫ АКСЫ ОКУЯСЫНЫН БУЛАКТААНУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

Адистиги: 07.00.09 - тарыхнаама, булактаануу жана
тарыхый изилдөөнүн ыкмалары

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

**Бишкек-2017**

**Диссертациялык иш Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Тарых кафедрасында даярдалды**

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | тарых илимдеринин доктору, профессор **Батырбаева Шайыркул Джолдошевна** |
| **Расмий оппоненттер:** | тарых илимдеринин доктору, профессор **Алымбаев Ж.Б.** |
| | тарых илимдеринин доктору **Алимгазинов К.Ш.** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | К.Карасаев атындагы Бишкек Гуманитардык Университетинин "Кыргызстан жана чыгыш өлкөлөрүнүн тарыхы" кафедрасы |

Дисссертация 2017-жылдын "___" - _________________ саат 14-00 дө И.Арабаев атындагы мамлекеттик университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.07.16.528 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги 720026, Бишкек ш., Раззаков к., 51.

Диссертациялык иш менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720026, Бишкек ш., Чүй проспектиси 265-а.

Автореферattын жана диссертациялык иштин толук тексти «arabaev.kg» сайтына жүктөлгөн.

Автореферат 2017-жылдын ___ _________ жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
тарых илиминин доктору, профессор: Н.У. Курбанова.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында Кыргызстандын саясий системасы демократиялык принциптердин негизинде өнүгө баштаган. Бирок 1990-жж. орто ченинен баштап өлкөдө авторитардык режимдин элементтери пайда болгон. Шайлоолордун бурмаланышы, партиялык лидерлерге каршы бийликтин иш аракети элдин нааразычылыгын пайда кылган. Бийлик менен элдин ортосундагы ажырымдын күчөшү акырындык менен саясий кризисти күчөткөн. Анын натыйжасы катары 2002-ж. Аксы окуясын атаса болот. Ал өлкөнүн постсоветтик мезгилдеги саясий тарыхын эки чоң мезгилге бөлгөн чек болуп калган. Кыргызстан мурдагы союздук республикалардан айырмаланып, демократиялык өнүгүү жолунда бараткан жана укуктук мамлекет курууга ниеттенген өлкө катары дүйнөлүк коомчулукта таанымал болгон. Бирок бийликтин саясаты декларативдүү мүнөзгө ээ болуп, иш жүзүндө демократиялык реформалар жана анын жыйынтыгы деформациялана баштаган. Ага бир катар факторлор таасирин тийгизген. Алардын ичинен эң маанилүүлөрү төмөнкүлөр: Борбордук Азиянын коңшу мамлекеттеринде авторитардык күчтүү бийликтин орношу, республиканын тарыхында демократиялык башкаруу салтынын болбогондугу, социалдык-экономикалык кризистин тереңдеши ж.б. Көз карандысыздыктын алгачкы жылдарында өлкөнүн коомдук-саясий өнүгүшүн камсыз кылуу, мурдагы пландык экономикадан жаңы базар экономикасына өтүү, жарандык-укуктук коомду түзүү, улуттук аң-сезимди калыптандыруу сыяктуу маселелерди чечүү башкы милдеттерден болгон. Бирок, аны ишке ашыруу саясий, социалдык-экономикалык өнүгүү менен айкалышкан эмес. Бийлик бутактарындагы карама-каршылыктар, натыйжасыз реформалар элди жакырдантып, аны менен катар өлкөнүн беделин дагы эл аралык аренада төмөндөтүп, натыйжада республикада кризистик кырдаал түзүлгөн. Жогоруда айтылгандай абал курчуп отуруп, элдик нааразычылык толкундоолор менен коштолуп, эң акырында 2002-жылдын 17-мартындагы Аксы окуясына алып келген.

Аксы окуясы постсоветтик Кыргызстандын тарыхында чоң резонанска ээ болгон. Ошондуктан бир катар жоготуу менен коштолгон жана бийликтин алмашышын шарттаган бул кризисти изилдөө өтө маанилүү болуп саналат. Ата Мекендик тарыхнаамада Аксы окуясынын маани-маңызын түп-тамырынан бери карап, кенен ачып берген изилдөөлөр жүргүзүлө элек. Өзгөчө кризистин келип чыгуу себептери жана өбөлгөлөрү жөнүндө илимий адабияттарда жалпыланган мүнөздө гана берилген. Окуянын келип чыгышы, жүрүшү жана өнүгүшү боюнча окумуштуулардын арасында бирдиктүү пикир жок. Мындай абалдын Кыргыз тарыхнаанамасында болушунун негизги себептеринин бири катары бүгүнкү күнгө чейин Аксы окуясына тиешелүү булактарга атайын илимий талдоо жүргүзүлө электиги, аларды топторго бөлүп карап, маалыматтык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо жана аларды илимий айлампага киргизүү ыкмалары иштелип чыга элеги эсептелет.

Демек, Кыргызстандын соңку жаңы тарыхындагы маанилүү болуп саналган Аксы окуясына тиешелүү тарыхый булактарды изилдөө актуалдуу

маселе болуп саналат жана анын маңызын ачып берүү аркылуу өлкөнүн саясий тарыхын калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**Теманын изилденүү деңгээли**. Аксы окуясына тиешелүү тарыхый булактарды атайын илимий талдоого алып, булактаануучулук маселесин караган эмгектер азыркы мезгилде жок. Эгемендүү Кыргызстандын социалдык-экономикалык жана саясий өнүгүүсүн изилдеген окмуштуулар биринчи тобуна тарыхчы илимпоздор Ч.Дж.Чоотаева [1], Ч.У. Койчуманова [2], З.И.Галиева [3], Н.Ж. Эсенкулов [4], Н.С. Усупова [5] ж.б., изилдөөлөрүн кошууга болот. Ал эми экинчисине саясаттаануу, укуктаануу багытындагы И.А.Дмитриенко [4], А.А. Князев [5], А.Л. Салиев [6] ж.б. изилдөөлөрүндөгү айрым тарыхый булактарды илимий айлампага киргизгени менен, аларга булактаанучулук талдоо жүргүзүп баа берилбегенин айтсак болот. Башка изилдөөчүлөрдөн айырмаланып окумуштуу З.И.Галиева Аксы окуясын изилдөөдө тарыхый булактарга кыйыр талдоо жүргүзгөн. Жалпысынан тарыхнаамалык талдоонун негизинде Аксы окуясы тиешелүү тарыхый булактар атайын илимий иликтөөгө алына элек.

Жогорудагы тарыхнаамалык серептин негизинде Аксы окуясынын булактануу маселесин изилдөөдө совет мезгилинде жана азыркы учурдагы КМШ өлкөлөрүнүн окумуштууларынын булактаануу маселесине тиешелүү эмгектерине талдоо жүргүзүү аркылуу алардын илимий жыйынтыктарына таянабыз. Мисалы, окумуштуулар И.Н. Данилевский, В.В. Кабанов, О.М. Медушевская, М.Ф. Румянцева ж.б. өз эмгектеринде [7] мыйзам актыларынын булактык өзгөчөлүгү, анын ичинде конституцияны тарыхый булак катары колдонуунун методикасын иштеп чыгышкан. Ал эми И.Н. Приходько мамлекеттик иш жүргүзүү кагаздарына топтук классификация жүргүзүү, алардан алынган фактыларды илимий айлампага киргизүү өзгөчөлүгүнүн теориялык-методологиялык маселелерин изилдеген [7]. В. Рынков [8], Д.Олехнович [9], Е.В. Черненко [10], С.С. Дмитриев [11] мезгилдүү басма сөз каражаттарынын материалдарын тарыхый булак катары пайдалануунун өзгөчөлүгүн аныктоого аракеттенген. И.К. Корниенко, Д.А. Гагарина [11], Е.В. Злобин [12], Л.П. Афанасьева [13] интернет ресурстарындагы маалыматтардын өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүргүзүшкөн. Бул багытта эгемендүү Кыргызстандын тарыхынын маалыматтык коомдун шартындагы булактаанучулук маселеринин изилдеген С.А. Щербакова, Э.Т.Турсунованын эмгектерин белгилеп кетсек болот [14].

Эгемендүү Кыргызстандын тарыхы боюнча тарыхый булактарга, анын ичинде, Аксы окуясына байланышкан даректик булактарга, расмий мамлекеттик иш жүргүзүү кагаздарына, жеке коомдук-саясий ишмерлерге таандык тарыхый булактарга, массалык маалымат каражаттарында жарыяланган материалдарга, эпистолярдык мүнөздөгү даректерге булактаануучулук жактан кеңири талдоо жүргүзүлө элек. Алардын ар биринде Аксы окуясынын келип чыгуу себептери, маңызы, жүрүшү жана натыйжасы тууралуу түз жана кыйыр түрүндө бир топ материалдар камтылган жана аны изилдөө учурдагы маанилүү маселе.

**Изилдөөнүн объектиси:** 2002-жылдагы Аксы окуясына тиешелүү тарыхый булактар.

**Изилдөөнүн** предмети: булактаануучулук багытта талдоого алынган Аксы окуясынын келип чыгышын, жүрүшүн жана жыйынтыгын чагылдырган даректер: өлкөнүн негизги мыйзамы Конституция, борбордук жана жергиликтүү мамлекеттик мекемелердин иш жүргүзүү кагаздары жана мезгилдүү басма сөз каражаттарынын материалдары.

**Изилдөөнүн максаты:** 2002-жылдагы Аксы окуясына тиешелүү негизги тарыхый булактарга талдоо жүргүзүү аркылуу аларды илимий айлампага киргизүү маселерин жана багыттарын аныктоо.

**Коюлган максатты чечүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлду:**

- 2002-ж. Аксы окуясына кеңири изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн булактардын негизги курамын аныктоо;
- Аксы окуясынын келип чыгышын изилдөөдө негизги булак катары КРнын Конституцияна булактаануучулук талдоо жүргүзүү аркылуу президенттик институттун, бийликтеги тең салмактуулуктун бузулушун жана өлкөдөгү саясий карама-каршылыктын келип чыгуу себептерин, тийгизген таасирин аныктоо;
- Аксы окуясынын келип чыгуусун жана жүрүшүн изилдөөдө мамлекеттик мекемелердин, жергиликтүү администрациялардын иш жүргүзүү кагаздарын, токтомдорун салыштырып изилдөө аркылуу алардын маалыматтык мүмкүнчүлүгүн аныктоо;
- Мезгилдүү басма сөз материалдарын Аксы окуясынын келип чыгышына өбөлгө түзгөн коомдук аң сезимди калыптандыруудагы ролун аныктоо;
- Аксы окуясын чагылдырган интернет материалдарын булактаанучулук жактан талдоо жүргүзүү.

**Диссертациянын булактык базасы.** Аксы окуясына тишелүү тарыхый булактарды диссертациялык иштин алкагында үч топко – негизги, кошумча жана көмөкчү (резервдик) деп каралды. Биринчи, негизги топко диссертациялык иштин алкагында булактаануучулук талдоого алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы, мамлекеттик органдардын жүргүзгөн иш кагаздары; массалык маалымат каражаттары жана интернет ресурстарында чагылдырылган маалыматтар; экинчи, кошумча топко негизги тарыхый топко кирген булактардагы камтылган маалыматтардын илимий баалуулугун аныктоо үчүн колдонулган даректик материалдар киргизилген. Кошумча топко калктын социалдык-экономикалык абалынын өзгөрүшүн чагылдырган улуттук статистика комитетинин жыйнактары, өкмөттүк эмес уюмдардын документтери кирет. Көмөкчү топко, эпистолярдык булактар, эскерүүлөр жана мурдагы мамлекеттик кызматкерлердин мемуардык багыттагы эмгектери кирет.

**Изилдөөнүн методологиялык** негиздерине таанып билүүнүн объективдүүлүк, тарыхый чындык, тарыхый салыштырмалуу, детерминизм, системалык изилдөө жана тарыхый-илимий проблемага багытталган жобонун негизинде булактарды изилдөө эрежеси маанилүү орунду ээледи. Бул методологиялык ыкмаларга таянып, тарыхый өнүгүүдөгү өзгөрүүлөрдү эске

алып, алардын ортосундагы байланыштарды жана бири-бирине болгон таасирин табууга аракет жасалды. Тарыхый фактылар, материалдар жана теориялык жоболор талдоо, салыштыруу ыкмасы аркылуу жыйынтыкталып, Аксы окуясына тиешелүү ар түрдүү булактар ар тараптуу иликтенди.

**Изилдөөнүн хронологиялык** алкагы шарттуу түрдө 2000–2005-жж. өз ичине камтыйт. Бул мезгилге тиешелүү булактарда өлкөдө саясий кризистин чыңалуусу, Аксы окуясынын келип чыгуусу жана жыйынтыгы чагылдырылган.

**Иштин илимий жаңылыгы.** Ата Мекендик тарыхнаамада алгачкылардан болуп Аксы окуясынына тиешелүү булактарды атайын булактаануучулук изилдөөлөрдүн предмети катары иликтөө болуп саналат. Диссертацияда бир катар булактар, баарыдан мурда мамлекеттик мекемелердин иш жүргүзүү кагаздары, мезгилдүү басма сөз жана интернет материалдары илимий айлампага киргизилди. Алардын ичинде жергиликтүү администрациялык иш кагаздары, окуянын катышуучуларынын эскерүүлөрү жана өкмөттүк эмес уюмдардын маалыматтары тарыхнаамадагы белгилүү фактыларды тактоого, окуя жөнүндө жаңы маалыматтарды илимий айлампага киргизүүгө, 2002-ж. Аксы окуясынын татаал жана карама-каршылыктуу мүнөзүн ачып берүүгө мүмкүндүк түздү.

Эмгекте Аксы окуясынын тарыхы боюнча тарыхый булактардын базасынын структурасы иликтенди, алардын ичинен Кыргыз Республикасынын Конституциясы, мамлекеттик органдардын жүргүзгөн иш кагаздары, массалык маалымат каражаттары жана интернет ресурстарына булактаанучулук анализ жасалды. Алардын маалыматтык баалуулугу аныкталды жана изилдөө ыкмалары иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациянын илимий жыйынтыктарын Кыргызстан тарыхы боюнча жалпылаштырылган эмгектерди жазууда, окуу-педагогикалык процессинде пайдаланууга болот.

**Коргоого алынып чыгуучу жоболор:**

- Аксы окуясы кыргыз тарыхнаамасында өз алдынча атайын илимий изилдене элек, ошону менен бирге ага тиешелүү тарыхый булактар атайын талдоого алына элек;
- Аксы окуяларын тарыхый булактык базасы татаал, көп тараптуу жана андагы чагылдырылган маалыматтар объективдүү реалдуулукту так, толук, айкын чагырылдырган эмес жана кылдат булактаануучулук талдоону талап кылат;
- КРнын 1993-ж. Конституциясы жана анын кийинки редакциялары бийлик бутактарынын тең салмактуулуугун өзгөртүп, президенттик институттун авторитардык режимге айланышын жана Аксы окуясынын өбөлгөлөрүн жана себептерин аныктоодо маанилүү тарыхый булак болуп эсептелет;
- Мамлекеттик иш жүргүзүү кагаздары Аксы окуясын кароодо булак катары негизги өзөгү болуп саналат жана алардын басымдуу көпчүлүгү жергиликтүү жана борбордук архивде толугу менен сакталбай калганына карабастан борбордук жана жергиликтүү бийликтин ишмердүүлүгүн ар кыл багытта чагылдырып бере алат;

- Массалык маалымат каражаттарынын материалдары Аксы окуясына катышкан жарандык коомдун өкүлдөрүнүн жана элдин социалдык нааразычылыгы болгонун аныктоодо негизги тарыхый булак болуп эсептелет жана андагы камтылган маалымат окуя негизинен саясий кризистин курчушунан улам келип чыкканын аныктайт;
- Борбордук жана жер-жерлердеги мамлекеттик бийликтин расмий документтерин салыштырып изилдөөдө бийлик ошол учурда түзүлгөн кырдаалга туура баа бере албай, өз учурунда зарыл чараларды көрө албагандыгы маалым болду. Андан сырткары массалык түрдөгү митингдерди жана башка каршылык көрсөтүү кыймылдарын тынчтандыруу багытында мамлекеттик, анын ичинен тартип сактоо органдарынын ишмердүүлүгүнүн тажрыйбасыздыгын, мыйзамдык деңгээлде мындай иштерди тейлөө, көзөмөлгө алуу практикасынын жоктугун айкындап бере алат;
- Мамлекеттик маалымат каражаттары Аксы окуясын чагылдырууда бийликтин цензурасынан алыс чыга алган эмес. Ал эми аймактык мезгил басма сөзү тарыхый окуяны калыбына келтирүүдө өзгөчөлүктөрдү камтыган маалыматтары менен айырмаланат жана булак катары баалуу;
- Аксы окуясы боюнча kg., ru., com интернет сегменттеринде издөө системалары аркылуу интернет ресурстарына талдоо жүргүзүүдө кыргыз жана орус тилдеринде жазылган материалдарга караганда англис тилиндеги даректердин көп болушу, бүгүн дагы коомдук аң-сезимди таасир этүүдө алардын активдүү колдонулушу интернетте жайгашкан электрондук ресурстарга кылдат мамиле жасап, аларда чагылдырылган фактылардын канчалык денгээлде болгон окуяны так, толук чагылдырганын аныктоо зарыл.

**Изилдөөчүнүн өздүк салымы.** 2002-жылдагы Аксы окуясынын тарыхын изилдөөдөгү булактаануучулук жана изилдөөнүн айрым ыкмалары талданды; Аксы окуясына байланышкан тарыхый даректик материалдар, тарыхый булактардын комплекси, андан сырткары окуяга байланыштуу жергиликтүү бийлик органдарынын утурумдук архивдеринин материалдары илимий айлампага алгачкылардан болуп киргизилди. Интернет ресурстарын пайдалануу менен окуянын айрым маселелерин салыштыруу жана анализдөөнүн ыкмаларынын зарылдыгы көрсөтүлдү.

**Диссертациялык иштин апробацияланышы.** Илимий изилдөөнүн негизги тыянактары илимий-практикалык конференцияларда маалымдалган, андан сырткары Ата Мекендик жана чет элдик басылмаларда макалалары жарык көргөн.

**Диссертациялык иштин структурасы.** Эмгек киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, практикалык сунуштамадан жана колдонулган булактар менен адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Биринчи бап** “2002-жылдагы Аксы окуясы: тарыхы жана жүрүшүнүн булактаануу маселеси” - деп аталып, Аксы окуясына тиешелүү тарыхый булактарга илимий талдоо жүргүзүү үчүн алардын жаралуу шарттарын объективдүү реалдуулуктун бир бөлүгү катары карап, Аксы окуясына кыскача тарыхый экскурс жүргүзүлдү.

Аксы окуясынын өбөлгөсү катары 2001-жылы №16 Аксы шайлоо округунан шайланган Жогорку Кеңештин Мыйзам Чыгаруу жыйынынын депутаты А.Бекназаров тарабынан Аксы районунун Өзбекстанга өтүп кеткен жерлерин кайтарып алуу аракеттери, кийинчерээк, анын демилгеси менен кыргыз-кытай, кыргыз-тажик, кыргыз-өзбек чек ара проблемаларын (көйгөйлөрүн) көтөрүшү, тез убакыттын ичинде жарандык сектордун жана жергиликтүү калктын активдүү иш-аракеттеринин башталышы эсептелет. Ушул мезгилден тартып, борбордо жана аймактарда, анын ичинен Аксыда бийликке карата наразычылыктар башталган. Депутат А.Бекназаров 2002-жылдын 5-январында шайлоочулары менен жолугушуу уюштуруу максатында Аксы районуна барганда, облустук прокуратура тарабынан Токтогул районунда тергөөчү болуп иштер турган убагында Букеева Керезгүл аттуу аялдын 1995-жылы 1-февралда бир тууган инисин өлтүрүп кеткендиги боюнча кылмыш ишине акыйкат тергөө жүргүзбөй, кайра бизди коркутуп кылмыш ишин жаап салган деген доо арызынын негизинде камакка алынышын окуянын башталыш чекити катары кароого болот.

Депутат камакка алынган күндөн тартып, коомчулуктун жана оппозициянын саясий ишмердүүлүгү активдешип, окуя курч мүнөзгө ээ боло баштаган. Өзгөчө депутаттар арасында А. Бекназаровду колдогондордун жана бийликтин саясатын туура жана орто позицияны ээлеген топ болуп үч ажырымга бөлүнүп парламенттин ичинде карама-каршылык күчөгөн. Өлкөдөгү болуп жаткан кырдаалды массалык маалымат каражаттары түрдүүчө чагылдырган. Коомчулукка, өзгөчө түштүк аймакта элдерге түшүндүрүү жагынан мамлекеттик “Эркин Тоо”, “Кыргыз Туусу”, оппозициячыл маанайдагы “Асаба”, ”Моя столица”, “Республика” гезиттерине утулушка дуушар болгон. А.Бекназардун бошотулушун талап кылган митинг, пикет ж. б. иш чаралар бийлик тарабынан объективдүү бааланган эмес.

2002-жылдын 10-январында алгачкы жолку ачкачылык акциясы башталган (Т. Исмаилова, Т. Акунов, А. Абдирасулова, Т. Сыдыков, С. Тилеков, А. Назаралиева, Ж. Бабатаев). Мындай аракеттерди оппозициялык маанайдагы парламент депутаттары колдоого алышкан. Райондук деңгээлдеги ачкачылык акциялары алгач депутаттын туулуп өскөн айылында, жарандардын жеке үйлөрүндө, кийинчерээк, айыл өкмөттөрдүн имаратынын алдында улантылып, пикет түрүндө өтө баштаган. Алгач Кара-Суу айылындагы орто мектепте, андан соң Кара-Жыгач базарында он эки айылдын тургундарынын катышуусунда митингдер башталган. Митингчилер А.Бекназаровду камактан бошотуудан башка бир катар социалдык-саясий талаптар менен чыгышкан жана Кербен шаарында чогула башташкан. Натыйжада тартип коргоо

органдары жана карапайым калктын ортосунда катуу тирешүү келип чыккан. Кырдаалдын күчөшүнө митингди уюштуруучулардын бир катар өкүлдөрүнүн 2–3 саатка камакка алынуусу себеп болгон. Тартип коргоо органдарынын мындай аракети калктын нааразычылыгын күчөтүп, республикалык деңгээлдеги митинг жана ачкачылык акцияларынын уланышына шарт түзгөн (январь айынын аягында ачкачылык жарыялагандардын саны 400 адамга жетип, алардын 300ү Аксы районун аймагында болгон).

1-февралдан тартып Ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери А.Бекназаровдун тарапкерлерин жашыруун түрдө кармоо аракеттерин баштаган. 7-февралда ачкачылык акциясынын катышуучусу Шералы Назаркуловдун каза болушунан улам А.Акаевдин бийликтен кетүүсүн талап кылган чакырыктар пайда болгон. 13-мартта депутат А. Бекназаровдун соттун чечими менен 7 жылга эркинен ажыратылышы, облустун губернатору С.Урманаевдин нааразычылык акциясынын катышуучулары менен жолугушуудан баш тартуусунан жана элге түшүндүрүү иш чаралары көрүлбөгөндүктөн 17-март күнү 1000ден ашуун адам Кербен тарапка жөө жүрүштү башташкан. 18-мартта Боспиек айылына келген демонстранттарды Аксы районунун акими Ш.Осмонов баш болгон бир нече жетекчилер, 61 милиция кызматкерлери таркатууга аракет жасашкан. Бирок андан жыйынтык чыкпаган соң бири-бирине кол көтөрүү жана кайым айтышуудан кийин ок атыла баштаган. Жалпысынан 6 адам каза болуп, бир нече адам жарадар болгон, алардын арасында милиция кызматкерлери дагы болгон. Бийлик тарабынан жабыр тарткандарга көңүл айтылып, материалдык жардамдар берилген. Бирок абал курчуп, көзөмөлдөн чыга баштаган. Демонстранттардын саны 10 000 кишиге чейин жетип, райондогу абалды жөнгө салуу үчүн бийлик түзүмдөрү кошумча күчтөрдү чакырууга мажбур болгон. 19-март күнү демонстранттардын саны 20 000 ге жеткен, абалдын курчуп кетишинен чочулаган бийлик Каракөл шаарындагы соттон кийин А.Бекназаровду бошотууга мажбур болгон. Ошол учурдагы өкмөт башчы К.Бакиев жана А.Бекназаров эл менен жолугушуп, окуяны жөнгө салууга аракет жасашкан.

Аксы окуясынын натыйжасында КРнын Премьер-министри К.Бакиев, президенттин администрация жетекчиси А.Карыпкулов, Башпрокурор Ч.Абышкаев, Ички иштер министри Т.Акматалиев, облус губернатору С.Урманаев жана облус прокурору З.Кудайбергеновдор ээлеген кызматтарынан четтетилишкен. Бирок, ок атууга буйрук берген күнөөлүүлөр бир нече соттук териштирүүлөрдөн кийин да аныкталбай, жоопко тартылбай калышкан. Аксы окуясынын болушу менен бийлик менен оппозициянын ортосундагы мамиленин курчушу, анын жүрүшүндө бийликтегилердин өлкөнү башкаруудагы манупуляциялык иш-аракеттери, оппозициянын элдин, коомчулуктун күчүн өз пайдасына колдонуу аракеттери аныкталды.

Аксы окуясы кийинки болгон ири саясий толкундоолор, бийлик алмашууларга жол ачты. Ал тарыхый жактан алганда эгемендүү Кыргызстандын тарыхындагы саясий өнүгүүсүндө коомдук аң-сезимдин өзгөрүүсү менен жалпы өлкөдөгү саясий трансформациянын өзгөрүшүнө алып

келди. Бул тууралуу чагылдырган тарыхый булактарды изилдөө жана аларга талдоо жүргүзүүдөгү булактаануучулук маселелер арбын. Жалпысынан жүргүзүлгүн тарыхый экскурс Аксы окуясын изилдөөдө окуяга аналитикалык жана теориялык деңгээлде илимде, коомчулукта, саясатчылардын арасында кайчы пикир, талаш –тартыштарды, такталбаган маалыматтар менен бири-бирин жокко чыгарууга алып келген материалдар берилет.Бүгүнкү күнгө чейин коомдук ой-пикирлерде гана эмес, окумуштуу илимпоздордун ортосунда дагы Аксы окуясына баа берүүдө ар кыл ойлор айтылып, кайчы көз-караштар өкүм сүрүүдө. Ошондуктан, Аксы окуясын ачып берүүдө ар кыл мүнөздөгү тарыхый булактарга кайрылуу керек. Бул окуяны түздөн-түз чагылдырган мезгилдүү басма сөз басылмалары жана коомдук телерадио берүү корпорациясы болгон. Ошол эле учурда расмий документтерди, мыйзам актылары менен жеке адамга таандык тарыхый булактарды дагы окуянын келип чыгуу себептерин ачып берүүдө булак катары мааниси зор.

Аксы окуясына тиешелүү тарыхый булактарга илимий талдоо жүргүзүүдө райондун абалын карап чыгуу зарыл. Аксы окуясынын Жалал-Абад облусуна караштуу Аксы району облустагы тоолуу райондордун бири. Район жалпысынан 11 айыл өкмөтүнө жана бир нече айыл аймактарына бөлүнөт. Калкынын саны - 113010 адамды түзүп, калктын көпчүлүк бөлүгү райондун борборунан алыс тоо арасында жайгашкан. Район боюнча орточо ар бир адамга 7 сотыхтан сугат жер тилкеси, 11 сотыхтан кайракы жер үлүштөрү тийгени менен тоо зонасында жайгашкан 8 айыл өкмөтүндө ар бир адамга араң гана орточо 0,3 сотыхтан бир сотыхка чейин өлчөмдө сугат айдоо жер үлүшү туура келген. Кара-Суу, Кара-Жыгач, Ак-Жол, Жаңы-Жол, Кызыл-Туу, Авлетим, Кашка-Суу, Ак-Суу айыл өкмөттөрүндө жогоруда көрсөтүлгөндөй жер аянттары өтө аз, ал эми кайракы жер аянттары Кербен, Жерге-Тал, Кош-Дөбө өкмөттөрүндө 5000 гектардан ашык жерлер суу жогунан пайдаланылбай келген. Бул элдин социалдык-экономикалык абалынын начарлашы, карапайым калктын өзгөчө борбордон алыс жайгашкан аймактарда жакырчылыктын өсүшүнө алып келген. Статистикалык булактардагы маалыматта социалдык-экономикалык көрсөткүч толук кандуу калктын өнүгүү деңгээлин жана абалын көрсөтүп, чагылдырып бере алган эмес. 2001-жылы чектен чыккан жакырчылыктын көрсөткүчү жана калктын адам башына керектөө чыгымдарынын түзүлүшүнүн көрсөткүчү облустук деңгээлде каралып, жакыр жашаган чөлкөмдөргө Нарын жана Талас облусу кирип, ал эми Жалал-Абад облусу орточо көрсөткүчтү берген. Өкмөт, мамлекеттик статистикада бир эле орточо арифметикалык санга таянуу менен баа берип, облустардын өнүгүү абалын, калктын чыныгы социалдык абалын чагылдырган эмес. Эсептөөдө ар кандай орточо көрсөткүчтөрдүн: мода, медиана жана орточо арифметикалык сандын бардыгы тең критерийди аныктоого колдонуу зарыл. Ошондо гана жалпы өлкөдөгү калктын абалы, жашоо деңгээли жана мамлекеттик органдар тарабынан жүргүзүлгөн иш-аракеттер окуянын социалдык өбөлгөлөрүн ачып берүүгө мүмкүндүк берет.

А.Акаев, К.Бакиев, А.Бекназаров өз билдирүүлөрүндө жана окуянын күбөлөрүнүн эпистолярдык даректеринин негизинде трагедиянын келип чыгыш себептерине адам факторун байланыштырып, окуяга баа берүүдө авторлор өз позициялары аркылуу чагылдырылып, берилген материалдарда бири-бирин жокко чыгарган маалыматтар камтылган. Алсак, А.Акаев бүгүнкү күнгө чейин Аксы окуясынын келип чыгышын "саясий күрөштүн" натыйжасынан деп эсептейт. Андыктан мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин Аксы окуясынын келип чыгышынын негизги себептерине берген бааларына жалпы мүнөздөмө бергенден кийин, объективдүү реалдуулукту калыбына келтирүү үчүн булактаануучулук талдоо зарылдыгы келип чыгат. Бул багытта түздөн-түз Аксы окуясына тиешелүү эмес, бирок келип чыгуу себебинин маңызын ачып изилдөөдө маанилүү дарек катары мыйзам актылары, биринчи иретте Конституцияны булактаануучулук талдоого алуу зарылчылыгы бар.

Аксы окуясынын келип чыгышына жогорудагы белгилеген проблемалардан сырткары райондун географиялык жактан чек аралык аймакта жайгашуусун дагы белгилөөгө болот. А.Бекназаров мындай чек ара проблемаларын мамлекеттик деңгээлге көтөрүп, парламенттик трибунага чейин алып чыккан. Себеби, элдин негизги көйгөйүн угуп, анын жогорку жактан каралышына шайлоочуларына берген убадасы болгон. 1999-жылы кыргыз-кытай мамлекетик чек арасынын Үзөңгү-Кууш району тууралуу чечим кабыл алынып, кошумча макулдашуунун долбоору даярдалып, 2002-жылдын 24-июнунда Пекин шаарында Кыргыз Республикасы менен КЭРнын ортосундагы коңшулаштык, достук жана кызматташтык жөнүндө келишимдеги тийиштүү статьяда чек ара маселелеринин толук жөнгө салынгандыгын белгилешип, "талаш" аймак КЭРге өткөн башкача айтканда Кытай жана Россия карталары боюнча чек аранын дал келбешин тараптар бир пикирде чечишип натыйжада бул аймактардын 70%ы КРна, 30%ы КЭРна тийиштүү болгон. Депутаттык топтун (А.Масалиев, И.Исаков, А.Абдимомунов, Д.Чотонов, Б.Асанов, А.Бекназаров) иликтөөлөрүнөн кийин кыргыз коомчулугуна жана массалык маалымат каражаттарында өзгөчө "Азаттык" радиосу аркылуу чек ара маселелери жана кыргыз-кытай чек арасы, Үзөңгү-Кууш маселеси тууралуу макалалар, материалдар, кайрылуулар, жеке адамдардын ой пикирлери 2001-жылдын февраль айынан тартып жарыкка чыга баштаган.

Аксы окуясынын себеби болгон Үзөңгү-Кууш маселесинин акыры жарандык сектор ӨЭУлардун дагы реакциясын күчөтүп, коомдун бийликке болгон нааразычылыгынын активдешүүсүнө алып келип жана Аксы окуясын жүрүшүн тездеткен. Окуянын келип чыгуу себептеринин негизгиси болгон чек ара көйгөйү акырындап курч саясий кырдаалдын түзүлүшүнө шарт түзүп, окуянын курч мүнөзгө өтүүсүнө саясий кризис жана өлкөдөгү башкаруу системасындагы көйгөйү менен байланыштуу. Жогорудагы чек ара көйгөйүнүн калктын калың катмары тарабынан тез арада колдоого алынышы жана анын натыйжасында бийликке карата коомчулуктун ачык нараазычылык акцияларга массалык түрдө тартыла башташы мамлекетти башкаруу системасындагы кризисти пайда кылган.

Жогоруда келтирилген материалдарга таянып Аксы окуясынын келип чыгуу себептеринин ички маңызын ачып, закон ченемдүүлүгүн аныктоо үчүн булактаануучулук иликтөөнүн талап кылынаары айкын болду. Аксы окуясынын келип чыгышынын негизги себептери катары тарыхый булактарда каралган калктын жашоо деңгээлинин төмөндөшү, жакырчылыктын жана жумушсуздуктун өсүшү, экономиканын төмөндөшү, чек ара маселелеринин туура эмес чечилиши, бийликтин бир кишинин колуна топтолушу, демократиянын өлкөгө тийгизген терс таасири, депутат А. Бекназаровдун ролу жөнүндөгү кайчылаш, карама-каршы маалыматтарды иликтеп, объективдүү реалдуулукту туура чагылдырылган илимий тарыхый фактылардын системасын түзүү маселеси жаралат. Изилдөөдө даректик материалдардын булактаануучулук проблемаларын аныктап, Аксы окуясынын тарыхын изилдөөдө негиз болуп бере турган илимий тарыхый фактылар менен камсыз кылуу башкы милдет болуп саналат.

Эгемендүүлүк кездеги тарыхтын эң оорчундуу маселелеринин бири болгон Аксы окуясына илимий жактан объективдүү баа берүү үчүн окуянын келип чыгышын, жүрүшүн, жыйынтыгын берген тарыхый булактарды аныктап алуу зарыл. Анткени, маалымат коомунда чагылдырылган материалдарды, тарыхый булактардын бардык тобун аныктап, илимий айлампага киргизүүгө мүмкүн эмес. Ошондой эле тарыхый булактарга талдоо жүргүзүүдө булактын өзгөчөлүгүнө карата актуалдуулугун жана потенциалдуулугун аныктоо керек. Мында Конституция – *потенциалдуу булак* болуп эсептелинет. Анткени, Конституция түздөн-түз Аксы окуясына тиешеси жок болгону менен, андан алынган потенциалдуу информация бул окуянын изилдөө булагы экендигин тастыктайт. Массалык маалымат каражаттары – берилген материалдардын көптүгүнөн жана бүгүнкү күнгө чейин окуя тууралуу чагылдырган жалгыз маалымат берүүчү булак. Демек, массалык маалымат каражаттарындагы жарыяланган материалдардын барын толук карап чыгуу мүмкүн эмес, Ошондуктан прессанын материалдары негизинен *коомдук аң-сезимди калыптандырган* булак катары каралат. Ал эми иш кагаздарын – *окуяны тастыктоочу жана түшүндүрүүчү* булак катары кароого болот. Диссертациялык иштин алкагында Конституция, иш кагаздарын, массалык маалымат каражаттарын жана интернет ресурстарын Аксы окуясынын тарыхын изилдөөдө булактык өзгөчөлүгү каралат.

**Экинчи бап** "Мыйзам актыларында жана иш кагаздарында Аксы окуясынын чагылдырылышы" - деп аталып, биринчи параграфында мыйзам актылары Аксы окуясын изилдөөдөгү тарыхый булак катары өзгөчөлүктөрүн Конституциянын негизинде изилденет.

Көз карандысыз Кыргызстан тарыхын изилдөөдө мыйзам актылары тарыхый булак катары орчундуу орунду ээлейт. Анткени, мамлекеттин өзүнүн түзүлүшү жана анын укуктук жактан бекемделиши дал ушул мыйзам актыларынын негизинде ишке ашат. Аксы окуясын изилдөөдө мыйзамдардын анын ичинде Конституциянын тарыхый булак катары ролу жогору. Аксы окуясынын келип чыгуу себебинин негизгилеринин бири болуп бул Акаевдин

өзүнүн президенттик укуктарын Конституцияны өзгөртүү аркылуу авторитардык режимди орнотууга алып келүүсү. Конституциялык өзгөртүүлөр өлкө эгемендикти алгандагы алгачкы Конституциясы кабыл алынгандан аз өтпөй эле башталган. Анткени, 1993-жылдагы кабыл алынган мыйзам боюнча бийлик мамлекеттик органдардын бирине жана бийлик структурасына карата артыкчылык берилген эмес. 1994-жылдын 24-октябрынан тартып, Кыргызстанда Президенттик кызматтын уюштурулушу менен республикада мамлекеттик бийлик системасы жана өлкөдөгү бийликтик башкаруу түзүмдөрү түп тамырынан бери өзгөрүлүп, бийлик бутактарынын ыйгарым укуктары кайрадан карала баштаган.1994, 1996, 1997, 1998, 2001 жылдары киргизилген өзгөртүүлөрдө Президенттин ыйгарым укуктары күчөгөн жана эң көп ыйгарым укуктар башка бийлик бутактарынынан президенттик бийлик тарапка өткөн, парламент иш жүзүндө мамлекет башчысынын чечимдерине таасир эте алган эмес, ошондой эле калыстык жана тең салмактуулукту кармануу ("сдержек и противовесов") системасы бузулган.

Жыйынтыктап айтканда, өлкөнүн Конституциясы бул биринчи кезекте мамлекеттин бар экендигин аныктап турган эң жогорку мыйзам актысы болуп саналат. Аны булактаануучулук жактан изилдөө, Кыргызстандын тарыхын, келечегин, өнүгүү багытын аныктоого мүмкүндүк берген маанилүү документ. Аксы окуясына түздөн-түз тиешелүү маалымат камтылбаса да, Конституция мамлекеттин түзүлүшүн жана мамлекеттик органдардын алардын табиятын жана ишмердүүлүгүн түшүндүрүп бере турган негизги булак. Анткени Конституцияга жүргүзүлгөн булактаануучулук талдоо эң биринчи иретте президенттик институттун, бийликтин тең салмактуулугунун бузулушуна алып келип, XXI кылымдын башында Кыргызстандагы саясий карама-каршылыктын элдешкис абалын түзгөнү, Аксы окуясынын келип чыгышы мыйзам ченемдүү экенин айкындайт.

Иш жүргүзүү кагаздары жазуу тарыхый булактарынын ичинен окуянын мезгили, убактысы, орду боюнча жана ага катышкан субъектилер: расмий өкүлдөр менен бийликтен сырткары турган адамдардын жасаган иш-аракеттери тууралуу маалымат берүүчү маалымат жагынан ар тараптуу, мазмундуу тарыхый булак. Аксы окуясына тиешелүү райондук архивде сакталган мамлекеттик иш жүргүзүү кагаздары жергиликтүү архивдик уюмдардын ишин уюштуруу XX к. башында али жөнгө салына электигине жана чачыранды түрдө сакталганына карабастан бул окуя жөнүндө айкын маалымат алууда жана бул трагедиялуу окуяны туура түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Аксы окуясын булактаануучулук изилдөөдөгү маселесин кароодо коюлган негизги суроолордун бири канчалык деңгээлде *жергиликтүү бийликтин* иш кагаздарында камтылган маалыматтар алардын *өкүлдөрүнүн ишмердүүлүгүн жана жоопкерчилигин туура аныктоого мүмкүндүк берет*.

Аксы окуясынын тарыхын изилдөөдө бул топко кирген иш жүргүзүү кагаздарына булактаануучулук талдоо жүргүзүүдө үч багытка бөлүп карасак болот:

а)башкаруу;

б) уюштуруу;

в)маалымат менен камсыз кылуу.

*Буйруктар* булак катары жергиликтүү бийликтин жүргүзгөн иштеринин негизги багыттарын көрсөтө алат. Буйрук жазма тарыхый булактардын чоң тобу болгон иш жүргүзүү кагаздарынын маанилүү бир бөлүгүн түзүп, бийликтин башкаруу жөндөмдүүлүгүн чагылдырат. Сакталып калган архивдик материалдардын негизинде райондук администрациясы кырдаалды жөнгө салууда алдын алуу иштерин жүргүзбөстөн, негизги ишмердүүлүгү - келип чыккан ар бир жаңы чыңалууну жайгаштырууга багытталганы көрүнүп турат. 17-марттан кийин Аксы окуясынын кийинки кырдаалдын чыңалышынын негизги себеби катары А. Бекназаровдун үстүнөн жүргүзүлүп жаткан сот процесси экени анык болсо да жергиликтүү бийлик кырдаалга ыкчам реакция жасаган эмес. Жалпысынан алганда Аксы райондук администрациясында сакталып калган архивдик материалдардын ичинен буйруктарды карап чыгып, төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот: райондун администрациясы кырдаалды алдын ала көрө билип, элдин арасында чыңалууну жок кылуу үчүн конкреттүү, эффективдүү чечим кабыл ала алган эмес.

*Райондук коллегиянын токтомдору* иш жүргүзүү кагаздардын бир бөлүгүн түзөт. Аксы окуясын изилдөөдөгү алардын булак катары мааниси, баалуулугу, биринчиден, жергиликтүү бийликтин райондогу кырдаалды жөнгө салуу багытында кандай уюштурууучулук иштерди жүргүзгөнү боюнча маалыматты кенен камтышы; экинчиден, кабыл алган чечимдин негизин аныктоодо районундагы социалдык абалдын оордугу, өзөктүү көйгөйлөрүн чагылдырган ар кыл маалыматтарды чагылдырылышы. *Райондук коллегиянын токтомдорун илимий айлампага киргизүүдө Аксы окуясын алдын алуу, окуянын жүрүшү жана анын кесепетин жоюу боюнча жергиликтүү бийликтин жүргүзгөн иштерин канчалык деңгээлде чагылдырарын салыштырып талдоо* жүргүзүлдү. Аксы окуясына тиешелүү жергиликтүү архивдик булактардагы материалдардын ичинен коллегиянын токтомдору жергиликтүү бийликтин өз алдынча уюштуруу, кырдаалды андан-ары күчөтпөө багытында алдын-ала иш жүргүзө албаганын, окуя болоор алдындагыдай эле, 2002-жылдын 17-мартынан кийин да *негизги ишмердүүлүгүн* түшүндүрүү ишине багытташканын айгинелейт.

Иш жүргүзүү кагаздарынын бир чоң бөлүгү Жалал-Абад областык администрациясынын 2002-жылдын март айынан баштап декабрга чейинки борборго жиберген маалыматтары. Маалыматтардын топтомун 2 чоң топко бөлүп караса болот. 1) Күн сайын оперативдик кырдаалдар учурунда Өкмөткө жана Республикалык штабка берилген билдирүүлөрү жана 2) бир канча күндү камтыган Президенттин администрациясына кайсы бир кырдаалдын татаалданышына карата жалпыланган мүнөздөгү билдирүүлөрү. Аксы окуясына тиешелүү көп кырлуу маалыматты камтышы боюнча күнүмдүк берилген маалымат жыйынтыктоочу маалыматка караганда баалуу болуп эсептелет. Аларда митингге чыккандардын талабын кенен чагылдыруу аркылуу жалпыга белгилүү эмес окуянын маңызын ачып берүүгө негиз боло турган

маанилүү фактылар бар. Айтылган тарыхый булактардагы камтылган маалыматтар республикада башталган нааразычылык кыймылдын табияты өлкө деңгээлинде көйгөйлөрдү чечүү эмес биринчи иретте жергиликтүү, айрым саясатчылардын кызыкчылыгын ишке ашырууга багытталган, саясий мүнөзгө ээ экендигин айгинелейт деп бүтүм чыгарууга мүмкүндүк берет. Оюбуздун далили катары борборго жөнөтүлгөн митингдер жөнүндө маалыматта эгерде катышуучулар койгон талаптар аткарылбаса, Кыргызстандын бүтүндүгүнө доо келтирүү жөнүндө ниетин - «намерениесин» көрсөткөн «Кроме того, митингующие и члены комитета направили письмо в адрес Госдумы Российской Федерации, в котором выразили недовольтво решением председателя Кара-Кульского городского суда А. Момбекова, что в Кыргызстане нет справедливости и просят Кыргызстан включить в состав России или Узбекистана» фактысын келтирсек болот. Булактардагы маалыматтардын илимий баалуулугун аныктоодо, биринчиден булактагы фактыларды объективдүү реалдуулук менен салыштырып, чындыгын толуктугун аныктоо менен, болуп жаткан митингдердин табияты канчалык деңгээлде коомдук жана мамлекеттик ишмерлердин ишмердүүлүгү менен менен түздөн-түз байланыштуу болгонун аныктаса болот.

“Аксы окуясын изилдөөдөгү митинге катышкандардын санын аныктоого карата дагы бир булактаануучулук татаал маселени чечүүгө карата маалымат” деп өзүнчө бир топко бириктирип талдоого алынган документтерди баалуу дарек катары караса болот. Пикетке чыккандардын санын аныктоо толук мүмкүн эмес, анткени кызыкдар тараптар жана кайсы максат менен кимге карата даярдалган маалымат болгондуктан пикетчиктердин санын шартка жараша (произвольно) өзгөртүп турган. Мындай жагдай булактаануучулук изилдөөнү бир топ татаалдандырып, талаш-тартыштарды жаратат. Ошондуктан пикетке катышкан адамдардын болжолдуу санын ар кайсы булакка таянып аныктап, андан кийин анын динамикасынын багытын аныктап, өзгөрүү темптерине мүнөздөмө берген туура болот. Жалпыга белгилүү болгондой митингдер мезгил-мезгили менен болуп турган. Аларга башында уюштуруучулар тарабынан көп адамдын катышуусу камсыз кылынса, кийинчерээк митингдер сот процессин улам создуктурулушуна карата азайып жана алардын курамы жаңырып турган. Жалпысынан каршылык көрсөтүү кыймылдарын катышуучуларнын саны биринчи күнү 1000 дин тегерегинде болсо, 2-3 күндөрү алардын саны 2 эсеге көбүрөөк кыскарган деп айтууга болот.

Аксы окуясын изилдөөдө жергиликтүү жана борбордук мекемелердин иш жүргүзүү кагаздарын салыштырып изилдөө зарыл. Анткени, окуянын келип чыгышынын негизги себептеринин бири маалыматтык карама-каршылык, аймактык жана борбордук бийликтин кырдаалды айкын чагылдырбагандыгы себеп болгон. Архивдик булактардын негизинде Аксы окуясынын келип чыгышы жана анын чыңалышы депутат А. Бекназаровдун үстүнөн жүргүзүлгөн тергөө иштери менен түздөн-түз байланышта болгон. Жалпысынан эгемендүүлүк жылдардагы өлкөнүн саясий-экономикалык жана социалдык-

маданий тарыхын изилдөөдө иш кагаздарынын тобу тарыхый булактардын өзгөчө тобун түзөт. Иш жүргүзүү кагаздары жазуу тарыхый булактарынын ичинен окуянын мезгили, убактысы, орду боюнча жана ага катышкан субъектилер: расмий өкүлдөр менен бийликтен сырткары турган адамдардын жасаган иш-аракеттери тууралуу маалымат берүүчү бирден-бир тарыхый булак. Көрсөтүлгөн документтин негизинде Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан баштап, депутат А. Бекназаровдун камалашына байланыштуу биринчи массалык түрдөгү митингдерди жана башка каршылык көрсөтүү кыймылдарын тынчтандыруу багытында мамлекеттик, анын ичинен тартип сактоо органдарынын тажрыйбасыздыгын көрсөтөт. Аксы окуясынын трагедиялуу түрдө адам өлүмүнө алып келишинин бирден бир себеби өлкөдө мыйзамдык деңгээлде мындай иштерди тейлөө, көзөмөлгө алуу практикасынын жоктугу болгон деп жыйынтык чыгарууга болот.

**Үчүнчүбап** "Аксы окуясынын массалык маалымат каражаттарында чагылдырылышы" - деп аталып биринчи параграфында жалпыга маалымдоо каражаттарынын Аксы окуясын чагылдыруу маселеси жана анда чагылдырган материалдардын булактык потенциялы менен тарыхый маалыматты берүү мүмкүнчүлүгү каралган. Гезит – башка тарыхый булактан айырмасы коомдо болуп жаткан окуяга карата баа берилип, бир эле учурда адамдарды тарбиялоочу каражат катары дагы колдонулат, анын идеологиялык таасири коомдо багыттоочу дагы күчкө ээ. Аксы окуясын чагылдырган мезгилдүү басылмаларды тарыхый булак катарында пайдаланууда аларды бир канча критерий менен бөлүп кароо зарыл. Биринчиден, бардык газета журналдардагы Аксы окуясына тиешелүү жарыяланган материалдарды тикеден-тике же кайсы бир деңгээлде кыйыр тиешелүүлүгүн карап чыгуу зарыл. Ал үчүн материалдардын баарын изилденүүчү объектиге макаланын бөлүмү, корреспонденти, автордун көрсөтүүсүндөгү кабарлардын аталышы жана жанрын жана макаланын бөлүгү (рубрика) боюнча бөлүп алып, талдоо керек. Экинчиден, булактардагы изилдөөгө тиешелүү суроолорго карата маалыматтардын мазмунуна талдоо жүргүзүп Аксы окуясынын илимий тарыхый фактыларынын системасын түзүү зарыл. Үчүнчүдөн өлкөбүздө жарык көргөн гезиттерди *оппозициялык* жана *позициялык* деп бөлүп кароо, төртүнчүдөн темага тиешелүү материалдардын тематикасына көңүл буруп, макаланын бөлүгүн (рубрикасын) *атайын жарык көргөн (учкай)* материалдар, *кыска маалымат катары жарыяланган* материалдар, окуя тууралуу *мыйзам актыларынын жарыяланышы* жана окуяга карата *кайрылуулар* деп бөлүп алууга мүмкүн.

2002-жылдагы Аксы окуясын чагылдырууда эки багыттагы позициялык жана оппозициялык газеталарды салыштырууда жана анализ жүргүзүүдө жөнөкөй эле газеталардын сандык өсүшүн салыштырып отуруп, оппозициялык маанайдагы гезит-журналдардын өскөнүн көрүүгө болот. Ал эми ошол эле газеталардын тиражынын динамикасын салыштырууда жеке менчик газеталардын кескин өнүккөнү көрүнүп турат. Алсак, ошол мезгилдеги окуяны байма-бай чагылдырып турган оппозициялык "Агым" газетасынын сандык

тиражы 10000, ал эми өкмөттүк "Кыргыз Туусу" газетасынын сандык тиражы 7000ди көрсөттү. Газеталардын региондорго таралышын карап көргөндө, областтардын, райондордун деңгээлинде газеталар базарларда товар катары сатылган, албетте көркөм жасалышы, курч материалдардын жазылышы боюнча базардагы жеке менчик товар катары оппозициялык газеталардын өтүмдүүлүгү жогору болгон. Мамлекеттик басылмалардын арасынан аймактык басылмалар да жарыкка чыгып, андагы материалдар аймактын түрдүү сферасындагы маалыматтарды камтып, милдеттүү түрдө мамлекеттик кызматтарда иштегендерге таратылып берилген. Бирок аймактык гезиттер Аксы окуясын оппозициялык маанайдагы гезиттердей окуя тууралуу кеңири материалдарды жеткире албагандыгы менен айырмаланат.

Аксы окуясын чагылдыруу канчалык деңгээлде кандай багытта жүргөндүгүн анализдеш үчүн макаланын аталышын талдап бир канча категория-түшүнүктөргө бөлүү менен салыштырууга болот. Анткени, газеталардагы кандай гана жарыяланган макала болбосун окурмандарды аталышы менен кызыктырат. Ал эми окуяны чагылдырууда 2002-жылдагы жарыяланган макалалар басымдуулук кылып, кийинки мезгилдерде бул темага болгон көз-караштар улам өзгөрүп турган. Оппозициялык маанайдагы маалыматтар бул окуяны ар кыл тараптан чагылдырылгандыгын көрсөттү. Мындан сырткары куйкум сөздүү ырлар, аскиялар, чет мамлекеттиктердин берген баасын, саясий лидерлердин көз караштарын билдирген макалалар, кыскача кабарлар да жарыяланып турган. Ошондуктан аналитикалык же кыскача кабарлар аркылуу берилген материалда илимий-тарыхый маалыматтардын камтылгандыгын кароодо аларда жарыяланган маалымат тереңирээк изилдөөнү талап кылат. Мезгилдүү басылмаларда жарыяланган материалга карата коомдун реакциясын, баасын эске алуу да зарыл.

Мына ушундай жагдайдан улам Аксы окуясын изилдөөдөгү массалык маалымат каражаттарындагы жарыяланган макалалар булактаануучулук багытта анализ жүргүзүүнүн өзгөчө ыкмасын талап кылат. Ошондой эле коомдук –саясий багыттагы басылмалар окуяларды түз мааниде чагылдыруусу менен айырмаланат. Мисалы "Агым", "Республика" газеталары алардын негиздөөчүлөрүнүн формалдуу көз караштарынан чыга алган эмес. Ал эми мамлекеттик "Кыргыз Туусу", "Слово Кыргызстана", "Эркин Тоо" гезиттери мамлекеттик расмий басылма болгондуктан, андагы жарыяланган материалдар бир тараптуу же бир жактуу болгон. Эгерде Аксы окуясынын мисалында гезиттердеги материалдарды окуяны чагылдыруу деңгээлиндеги маселесин алсак, анда окуя жүрүп жаткан мезгилде жарык көргөн макалалар өзүнүн курчтугу жана окуянын өз учурунда баяндап берүүсү менен айырмаланган. Ал эми убакыттын өтүшү менен материалдарда окуянын чагылдырылышы төмөндөп, же болбосо дээрлик жокко эсе болуу менен, башка мазмундагы макалаларда фрагментардык гана мүнөздө чагылдырылат. Анткени, XXI кылымда ошону менен бирге эле гезиттерди сатып өткөрүү жана рынокто реализациялоо иши негизги маселеге айланган. Маалыматтын таралуу ареалы кеңейгенине мурдагыдай системалуу түрдө гезит-журналдарга жазылуу жок

болгондуктан, өздөрү курал катары макаланын буйрутма ээлери тарабынан сатып алынып турган жана бул бекер таратууга таасир эткен. Саясий заказ катары жазылган макалалар жатык тил менен берилип, кызыктуу болгондуктан ага карата атайын суроо талаптын же маалыматтын чындыгына карата окурмандардын баалоо деңгээли жоголгон.

Массалык маалыматтар каражатында мамлекеттик бийлик органдарынын жүргүзгөн саясаты анын ичинде ири талаш-тартышты жараткан Үзөнгү-Кууш маселесине байланыштуу, Аксы окуясына тиешелүү материалдар абдан көп жана үзгүлтүксүз түрдө берилип турган. Бул мезгилде борбордук бийлик органдарынын жана борбордогу чыгуучу мезгилдүү басма сөз каражаттарынын мазмуну дагы материалдары дагы бир беткей болгондугу менен айырмаланат. Жергиликтүү басма сөз каражаттары ошол кездеги болуп жаткан окуянын бийликтин цензурасынан алыс чыга алган эмес, ошону менен бирге эле тарыхый окуяны калыбына келтирүүдө аймактык өзгөчөлүктөрдү камтыган маалыматтары менен айырмаланат жана булак катары баалуу.

Жыйынтыктап айтканда, мезгилдүү басма сөз каражаттарынын бир тармагы болгон гезиттер тарыхый окуяларды изилдөөдө жана калыбына келтирүүдө өзгөчө мааниге ээ. Айрыкча эгемендүү Кыргызстандын тарыхында болуп өткөн ири саясий окуялардын болушуна шарт түзгөн жана коомдук пикирди жарата алган дал ушул гезиттик материалдар болгон. Изилденип жаткан тарыхый окуянын булактаануучулук маселесин кароодо гезиттердин тарыхый булак катары орду өзгөчө болгондугун андагы чагылдырган материалдар окуяны калыбына келтирүүдөгү орду жана коомдук пикирди жаратуудагы ролу эң маанилүү.

Кыргызстандын соңку мезгилиндеги болуп өткөн окуяларды изилдөөдө маалыматтык интернет сайттарынын орду тездик менен өсүүдө. Интернеттин башка тарыхый булактардан айырмасын жана анын коомдогу болуп жаткан окуяларды чагылдырышы же окуяны алдын ала жетелеп, маалыматтын артынан окуянын келиши бул интернет мейкиндигинин ээн-эркин мүнөзүнө байланыштуу. Анткени, басма документтердин түрүн же китептерди окуганда ырааттуулукта, биринен-экинчисине өтүп окулат же колдонулат. Ал эми интернеттеги жайгашкан даректердин, жаңылыктардын өзгөчөлүгү көп кырлуу көп тараптуу мейкиндикте (виртуалдык мейкиндикте) орун алгандыгында жана аны болуп жаткан окуяны же боло туруучу окуяны алдын-ала жетектөөсү дагы ушуга байланыштуу. Мында традициялык тексттер же ар кандай аудиовизуалдык маалыматтар болгону менен алар бири-бирине тематикасы же датасы аркылуу окшош болуп, сайттагы шилтемелер аркылуу бири-бирине өтүп турат. Дагы бир өзгөчөлүгү интернеттеги даректер же жаңылыктар өзүнүн ичинде башка интернет баракчасында жайгашкан түшүнүк менен белгилери окшош болсо, аларга карата түз шилтеме кетип, бутакташып кетет. Бул тарыхчылар үчүн интернет булактары менен иштешүүдө бир эле убакытта тектеш тарыхый булактардын бир канчасы менен таанышууга колдонууга мүмкүндүк берет.

Тарыхый булакты издеп табуу маселеси маалыматтык коомдун шартында традициялык башка булактар сыяктуу дыкат иликтөөнү талап кылат. Коом маалыматтык деп аталышы бул бардык маалыматты алып жүрүүчү каражаттар ачык-айкын жана колдонууга бардык убакытта жана территорияда (айрым мамлекеттердеги интернеттеги малыматка карата фильтрация жана интернетте кошулуунун төмөндүгү же жоктугу) мүмкүнчүлүк бар дегенди түшүндүрбөйт. Ошондуктан интернет ресурстарын тарыхый булак катары издеп табуу көйгөйү анын издөө ареалына түздөн-түз байланыштуу болуп саналат. Интернет ресурстарынын тарыхый булак катары тарыхый илимий таанып билүүдө жана болуп өткөн реалдуулукту түшүндүрүүдө аны издеп табуу жана издөө жолу автоматтык негизде ишке ашат жана тарыхчынын традициялык тарыхый булактарды издеп табуудагы иш аракетинен жогорку ылдамдыкта болгондугу менен айырмаланат. Традициялык методдон айырмаланып, керектүү маалыматтарды чагылдырган булак табылбай калышы мүмкүн. Анткени, өзөк сөздөр менен табылган документтер толугу менен бардыгын камтыбайт. Интернет ресурстарынын издөө көйгөйүндө изилдөөчүнүн издеп жаткан дарек боюнча канчалык деңгээлде билими же маалыматты бар экендиги чоң роль ойнойт. Анткени, дүйнөлүк желе системасында жайгашкан даректер белгилүү бир стандартка түшүрүлбөгөндүктөн жана атайын коддор менен аныкталбагандыктан анын ичиндеги мазмуну менен аталышында чоң айырмачылык келип чыгышы мүмкүн жана бул издөөчү үчүн чоң тоскоолдук жаратат.

Интернеттеги сайттардын маанилүү тармагы болгон маалыматтык сайттар Аксы окуясынын келип чыгышынын себептерин дүйнөлүк желеге байма-бай чагылдырып жатат. Ал эми интернеттеги жайгашкан окуя тууралуу ар кандай жаңылыктар, аналитикалык талдоолор, популярдуу эмгектер, колдонуучулардын пикирлери булактаануучулук жактан изилдөөгө муктаж. Аксы окуясынын интернет сайттарында чагылдыруу маселесин изилдөө үчүн тарыхый булактарды издеп табуу маселеси бар. Мисалы, Аксы окуясы боюнча интернеттеги тарыхый булактарды илимий айлампага киргизүүдө издөө мамлекеттик, коомдук жана жеке маалыматтык сайттардын өздөрүнө суроо жөнөтүү аркылуу жүргүзүүгө болот. Аксы окуясы тууралуу тарыхый булактарды интернеттен издөөдө бир катар көйгөйлөр бар. Окумуштуулар интернеттен издөөнүн төмөнкүдөй ыкмаларын сунушташат: 1) гиперссылкалар аркылуу б.а. электрондук даректеги шилтеме башка дарекке карата жетелейт, кемчилиги катары гипепрссылканын түзүлүшүнө көз каранды болуп калат; 2) машиналык издөө. Ал өз ичинен бир нече топторго бөлүнөт: тематикалык каталогдор (индекстер) аркылуу тема же ачкыч сөз менен издөө жүргүзүлөт; издөө системалары аркылуу; мета деңгээлдеги издөө системасы; ылдамдатылган издөө программасы аркылуу

Маалыматтык интернет сайттарынан даректерди издеп табуудагы көңүл буруучу жагдай тил болуп эсептелинет. Аксы окуясы боюнча жогорудагы үч тилдин негизинде издөө сайттары аркылуу издеп табуунун эң жөнөкөй формасында, тактап айтканда, окуянын көпчүлүк арасындагы аталышы менен

жүргүздүк. Аксы окуясы тууралуу жалпы маалыматты издеп табууда издөө системаларынын ичинен эң негизгилери болгон www.google.kg, (www.google.ru, www.google.com) www.yandex.ru, (www.yandex.com) www.rambler.ru, жана www.bing.com] издөө системаларына талдоо жүргүздүк. Аталган төрт издөө системасынын маалыматтык базасын билүү үчүн "Аксы окуясы" жана "Аксы окуясы 2002" деген аталыш менен издөө жүргүзүп, жыйынтыгында "Аксы окуясы 2002" сурообузга караганда "Аксы окуясы" суроobузга жооптор салыштырмалуу көп табылды. Ушул эле суроонун орус тилинде жогорудагы сайттарга жөнөткөндө жыйынтыгы кыргыз тилиндегиге салыштырмалуу көп болду. Ал эми англис тилиндеги жогорудагы сайттарга сурак жөнөткөнүбүздө жыйынтыгы кыргыз жана орус тилдериндеги материалдардан да жогорку көрсөткүчтү берди. "Аксы окуясы 2002" деген эки аталаштагы издөөдө www.google.kg издөө сайтында жайгашкан ресурстардын саны жагынан көп экени көрүнүп турат. Ал эми орус тилинде жөнөтүлгөн издөөдө "Аксыйское событие 2002" аталыш менен www.google.kg издөө сайттында электрондук даректер көп болсо, "Аксыйское событие" деген аталыш менен www.yandex.ru, www.rambler.ru сайттарында даректердин саны артыкчылык кылат. Жогорудагы жыйынтыктардан улам интернеттеги электрондук даректердин саны кыргыз тилине салыштырмалуу орус жана англис тилинде көп экендиги белгилүү болду.

Аксы окуясы боюнча интернет ресурстары, башка булактардан айырмаланып издеп табуу, аларды кайра иштеп чыгуу, изилдөө максатына карата керектүү айрым бөлүктөрүн тандап илимий айлампага киргизүүсү менен айырмаланат. Ал эми алардын коомдук аң сезимди калыптандырууда бүгүн дагы активдүү колдонулушу электрондук интернетте жайгашкан материалдарга кылдат мамиле жасап, аларда чагылдырылган фактылардын канчалык деңгээлде болгон окуяны так, толук, ачык чагылдырганын аныктоо зарылдыгын көрсөтүп турат.

## КОРУТУНДУ

Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилиндеги тарыхында Аксы окуясы эң маанилүү орунда турат. Бүгүнкү күнгө чейин Аксы окуясы атайын илимий объект катары изилдөөгө алына элек. Эгемендүү Кыргызстандын тарыхын изилдөөдө Аксы окуясынын келип чыгышынын негизги себептери: калктын жашоо деңгээлинин төмөндөшү, жакырчылыктын жана жумушсуздуктун өсүшү, экономиканын төмөндөшү, чек ара маселелеринин туура эмес чечилиши, бийликтин бир кишинин колуна топтолушу, демократиянын бурмаланышы, депутат А. Бекназаровго каршы бийликтин кысымы, окуянын башталышын, маңызын, чыңалышын мезгилдерге бөлүү, андан сырткары окуянын түздөн-түз уюштуруучуларынын, катышуучуларынын койгон максаттары, орду, иштеген иштерин аныктоо маанилүү. Бүгүнкү күндө окуянын келип чыгуу себептери менен өбөлгөлөрү, жүрүшү жана натыйжасы тарыхый илимий адабияттарда жалпыланган мүнөздө гана берилгенин жана кайчы пикирлердин орун алышы менен айырмаланат. Мындай абалдын Кыргызстандын тарыхнаанамасында болушунун негизги себептеринин бири

катары бүгүнкү күнгө чейин Аксы окуясына тиешелүү булактарга атайын илимий талдоо жүргүзүлө электиги, аларды топторго бөлүп карап, маалыматтык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо жана аларды илимий айлампага киргизүү ыкмалары иштелип чыга элеги эсептелет.

Маалымат коомунда Аксы окуясын чагылдырылган материалдарды, тарыхый булактардын бардык тобун аныктап, илимий айлампага киргизүүгө мүмкүн эмес. Жалпыга белгилүү болгондой булактаануу багытында изилдөө тарыхый булактын өзгөчөлүгүнө карата багытталган жана изилденип жаткан проблемаларга тиешелүү булактарды илимий айлампага киргизүү өзгөчөлүгүн талдоо. Диссертациянын алкагында булактаануучулук талдоо биринчи багытта, б.а. Кыргыз Республиканын Конституциясы, мамлекеттик мекемелердин иш жүргүзүү кагаздарын, массалык маалымат каражаттарын жана интернет ресурстарын Аксы окуясынын тарыхын изилдөөдө айлампага киргизүү өзгөчөлүгү маселелери каралды. Конституция – *потенциалдуу булак* болуп эсептелинет. КРдин Конституция түздөн-түз Аксы окуясына тиешеси жок болгону менен, андан алынган потенциалдуу маалыматтар өлкөнүн баш мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөр эң биринчи иретте президенттик институттун, бийликтин тең салмактуулугунун бузулушуна алып келип, XX1 кылымдын башында Кыргызстандагы саясий карама-каршылыктын элдешкис абалын түзгөнү, Аксы окуясынын келип чыгышы мыйзам ченемдүү экенин айкындайт.

Иш жүргүзүү кагаздары жазуу тарыхый булактарынын ичинен окуянын мезгили, убактысы, орду боюнча жана ага катышкан субъектилер: расмий өкүлдөр менен бийликтен сырткары турган адамдардын жасаган иш-аракеттери тууралуу маалымат кенен чагылдыруучу тарыхый булак. Мамлекеттик иш жүргүзүү кагаздарынын борбордук жана жергиликтүү деп кароо зарыл. Бул булактарга камтылган маалыматтар жетиштүү денгээлге борбордук жана жергиликтүү бийликтин ишмердүүлүгүн чагылдырган. Бирок аларды илимий айлампага киргизүүдө дыкат булактаанучулук анализ жүргүзүп, андагы камтылган маалыматтардын туура, так аныктоо зарыл. Аксы окуясын изилдөөдө жергиликтүү жана борбордук мекемелердин иш жүргүзүү кагаздарын салышытырып изилдөө менен окуянын келип чыгышынын негизги себептеринин бири маалыматтык карам-каршылык, аймактык жана борбордук бийликтин ситуацияны айкын чагылдырбагандыгы, массалык түрдөгү митингдерди жана башка каршылык көрсөтүү кыймылдарын тынчтандыруу багытында мамлекеттик, анын ичинен тартип сактоо органдарынын ишмердуулугун тажрыйбасыздыгын, мыйзамдык деңгээлде мындай иштерди тейлөө, көзөмөлгө алуу практикасынын жоктугун айкындап бере алат.

Гезит-журналдар – башка тарыхый булактан айырмасы коомдо болуп жаткан окуяга карата баа берилип, бир эле учурда адамдарды тарбиялоочу каражат катары дагы колдонулат. Анын идеологиялык таасири коомдо багыттоочу дагы күчкө ээ. Массалык маалыматтар каражатында мамлекеттик бийлик органдарынын жүргүзгөн саясаты анын ичинде ири талаш-тартышты жараткан Үзөнгү-Кууш маселесине байланыштуу, Аксы окуясына тиешелүү

материалдар абдан көп жана үзгүлтүксүз түрдө берилип турган. Бул мезгилде борбордук бийлик органдарынын жана борбордогу чыгуучу мезгилдүү басма сөз каражаттарынын мазмуну дагы материалдары дагы бир беткей болгондугу менен айырмаланат. Жергиликтүү басма сөз каражаттары ошол кездеги болуп жаткан окуянын бийликтин цензурасынан алыс чыга алган эмес, ошону менен бирге эле тарыхый окуяны калыбына келтирүүдө аймактык өзгөчөлүктөрдү камтыган маалыматтары менен айырмаланат жана булак катары баалуу.

Интернет ресурстарынын тарыхый булак катары тарыхый илимий таанып билүүдө жана болуп өткөн реалдуулукту түшүндүрүүдө аны издеп табуу жана издөө жолу автоматтык негизде ишке ашат жана тарыхчынын традициялык тарыхый булактарды издеп табуудагы иш аракетинен жогорку ылдамдыкта болгондугу менен айырмаланат. Аксы окуясы боюнча интернет ресурстары, башка булактардан айырмаланып издеп табуу, аларды кайра иштеп чыгуу, изилдөө максатына карата керектүү айрым бөлүктөрүн тандап илимий айлампага киргизүү керек. Ал эми алардын коомдук ан сезимди калыптандырууда азыркы күндө дагы активдүү колдонулушу интернетте жайгашкан материалдарга кылдат мамиле жасап, аларда чагылдырылган фактылардын канчалык деңгээлде болгон окуяны так, толук, так чагылдыргынан аныктоо зарыл.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

- Аксы окуясына тиешелүү материалдарды иретке салуу менен, жергиликтүү архивдерде атайы фонд түзүү керек;
- Аксы окуясына арналган атайын интернет сайт түзүү менен ага Кыргызстандын эгемендик мезгилиндеги коомдук, мамлекеттик өнүгүүнү чагылдырган расмий жана жеке даректерди ачык жайгаштыруу керек;
- Жеке массалык маалымат каражаттарында жарыяланган материалдарын нускасын, алардын багытына карабастан милдеттүү түрдө республикалык, атайын адистешкен китепканаларга тапшыруу маселесин чечүү зарыл;
- Аксы окуясына тиешелүү эпистолярдык (мемуар, күндөлүк, каттар) тарыхый булактардын ар кандай мазмунда болгонуна карабастан жыйнактарын чыгаруу менен, кызыкдар аудиторияга ар кыл көз караштагы маалыматты колдонуу мүмкүнчүлүгүн калыбына келтирүү.
- Өлкөдө дагы ушундай саясий окуялардын кайталанбасы үчүн, өкмөт Аксы окуясындагы болуп өткөн катачылыктарды эске алуу менен атайын мыйзам иштеп чыгуусу керек.

## Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү макалаларда чагылдырылган

1. Назарбаева, Б. С. Аксы окуясын чагылдыруудагы мезгилдүү басылмаларды изилдөө жана анализдөө [Текст] / Б.С. Назарбаева // Вестник Жалал-Абадского государст. университета. –Жалал-Абад, 2014. – №2 (28). – С.76-79

2. Назарбаева, Б.С. Аксы окуясынын тарыхын изилдөөдөгү мезгилдүү басма сөз каражаттарындагы материалдарга булактаанучулук багытта изилдөө жүргүзүүнүн методологиялык маселелери [Текст] / Б.С. Назарбаева // Вестник Ошского государственного университета. – Ош, 2015. – № 4. –С. 228-231
3. Назарбаева, Б.С. Аксы окуясы-Кыргызстандын соңку жаңы тарыхындагы негизги бурулуш:булактар жана аны изилдөөнүн негизги багыттары [Текст] / Б.С. Назарбаева // Вестник Ошского государственного университета. – Ош, 2015. – № 4. –С. 228-231
4. Назарбаева, Б.С. Освещение причины и предпосылки Аксыйского события в 2002 года [Текст] / Б.С. Назарбаева // Журнал научная дискуссия: вопросы социологии, политологии, философии, истории. – Москва, 2016. –№ 5 (45). –С. 52-56
5. Назарбаева, Б.С. Ход и развития Аксыйских событий 2002 года. [Текст] / Б.С. Назарбаева // Источник молодой ученый: вызовы и перспективы. – Москва, 2016. – С. 298-304
6. Назарбаева, Б.С. Особенности развития периодической печати в независимом Кыргызстане (2001-2010гг.) [Текст] Б.С. Назарбаева // Наука, новые технологии и инновации. – Бишкек, 2016. – №4. –С.138-140
7. Назарбаева, Б.С. Отражение экономические причины Аксыйского события 2002 года в периодической печати [Текст] / Б.С. Назарбаева // Наука, новые технологии и инновации. – Бишкек, 2016. – № 4.–С. 135-137.
8. Назарбаева Б.С. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тарыхый булак катары // Б.С. Назарбаева // Научная дискуссия: инновации в современном мире: сб. ст. по материалам LXII Международной научно-практической конференции «Научная дискуссия: инновации в современном мире». – № 2(61). – М., Изд. «Интернаука», 2017. – С. 84-88.

**Назарбаева Батма Суйналиевнанын “2002-жылдагы Аксы окуясы: булактар жана изилдөө ыкмалары” деген темада 07.00.09 - тарыхнаама, булактаануу жана тарыхый изилдөөнүн ыкмалары адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изилденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Өзөктүү сөздөр:** Аксы окуясы, тарыхый булак, Конституция, массалык маалымат каражаттары, мамлекеттик иш жүргүзүү кагаздары, интернет ресурстар.

**Изилдөөнүн максаты:** 2002-жылдагы Аксы окуясына тиешелүү негизги тарыхый булактарга талдоо жүргүзүү аркылуу аларды илимий айлампага киргизүү маселерин жана багыттарын аныктоо.

**Изилдөөнүн объектиси:** 2002-жылдагы Аксы окуясына тиешелүү тарыхый булактар.

**Изилдөөнүн** предмети: булактаануучулук багытта талдоого алынган Аксы окуясын келип чыгышын, жүрүшүн жана жыйынтыгын чагылдырган даректер: өлкөнүн негизги мыйзамы Конституция, борбордук жана жергиликтүү мамлекеттик мекемелердин иш жүргүзүү кагаздары жана мезгилдүү басма сөз каражаттарынын материалдары.

**Методологиялык негиз** болуп, тарыхый илимий таанууда субъективдүүлүк менен объективдүүлүктүн айкалашынын өзгөчөлүгүн эсепке алуу менен тарыхый булактарга талдоо жүргүзүүдө объективдүүлүк, тарыхый, социалдык принциптерди сактоо менен илимий таанып билүүдөгү жалпы илимий методдор: анализ жана синтез, индукция менен дедукция; сандык жана атайын тарыхый илимий методдор: тарыхый-салыштырмалуулук, структуралык-функционалдык, тарыхый-типологиялык, тарыхый-системалык жана тарыхый-илимий проблемага багытталган жобонун негизинде булактарды изилдөө методдору колдонулду.

**Илимий жаңычылдыгы**: Аксы окуясына тиешелүүү тарыхый булактарды атайын изилдөө жүргүзүү менен, илимий айлампага жаңы жарыяланган жана архивдик булактар киргизилди. Эмгекте Аксы окуясынын тарыхы боюнча тарыхый булактык базанын структурасы иликтенди, алардын ичинен Кыргыз Республикасынын Конституциясы, мамлекеттик органдардын жүргүзгөн иш кагаздары, массалык маалымат каражаттары жана интернет ресурстарына булактаануучулук анализ жасалды, алардын маалыматтык баалуулугу аныкталды жана изилдөө ыкмалары иштелип чыкты.

**Диссертациянын материалдарын колдонуунун деңгээли**. Иштин жыйынтыктарын Кыргызстандын тарыхын окутууда, мамлекет таануу, инсан таануу багытында, саясаттаануу, булактаануу багытында жана атайын курстарда окуу процессинде пайдаланууга болот.

**Диссертациялык иштин көлөмү жана түзүлүшү.** Диссертациялык иш киришүү бөлүмүнөн алты параграфка бөлүнгө үч баптан, корутундудан, практикалык сунуштардан, колдонулган булактар менен адабияттардын тизмесинен турат.

## РЕЗЮМЕ

**на диссертацию Назарбаевой Батмы Суйналиевны: “Источниковедческий анализ Аксыйских событий 2002 г.” на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности** 07.00.09 – историография, источниковедение и методы исторического исследования

**Ключевые слова:** *Аксыйские события, исторические источники, кризис, независимость, протест, митинг, народ.*

**Цель исследования:** на основе источниковедческого анализа раскрыть сущность Аксыйских событий 2002 г. и их влияние на дальнейшее общественно-политическое развитие страны.

**Объект исследования:** исторические источники, отражающие происхождение, ход и итоги Аксыйских событий 2002 г.

**Предмет исследования:** анализ законов, постановлений правительства, делопроизводственных документов местных органов власти, материалов СМИ и Интернета, касающихся Аксыйских событий.

**Методологической основой исследования** стали принципы историзма и объективного системно-структурного анализа, а также конкретно-исторические методы. Были использованы методы анализа и синтеза, индукции и дедукции. Кроме того, в работе применялся проблемно-хронологический принцип.

**Научная новизна исследования.** В данной диссертационной работе была сделана попытка объективно оценить Аксыйские события 2002 г., определить их последствия и итоги.

Впервые использованы относящиеся к Аксыйским событиям законодательные акты, а также Конституция Кыргызской Республики, как исторический источник.

Изучены и проанализированы материалы из средств массовой информации.

**Практическая значимость работы.** Результаты диссертационной работы могут быть использованы при подготовке научных трудов и учебных пособий по новейшей истории Кыргызстана, а также в учебно-педагогическом процессе.

**Структура диссертационной работы** – диссертационная работа состоит из введения, трех глав, заключения, практических рекомендаций, списка использованной литературы и источников.

## THE RESUME

**On dissertation Nazarbaeva Batma Suynalievna: "The Source study analysis of Aksyjsky events of 2002" on competition of a scientific degree of the candidate of historical sciences on a speciality** 07.00.09 - a historiography, a source study and methods of historical research

**Keywords:** *Aksyjsky events, historical sources, crisis, independence, the protest, meeting, the people.*

**Research objective:** on the basis of the source study analysis to open essence of Aksyjsky events of 2002 and their influence on the further political development of the country.

**Object of research:** the historical sources reflecting an origin, a course and results of Aksyjsky events of 2002

**Object of research:** the analysis of laws, the governmental orders, office work documents of local authorities, materials of mass-media and the Internet, concerning Aksyjsky events.

Principles of a historicism and the objective system-structural analysis, and also concrete historical methods became **a methodological basis of research**. Methods of the analysis and synthesis, an induction and deduction have been used. Besides, in work the problemno-chronological principle was applied.

**Scientific novelty of research.** In the given dissertational work attempt objectively has been made to estimate Aksyjsky events of 2002, to define their consequences and results.

For the first time acts concerning Aksyjsky events, and also the Constitution of the Kirghiz Republic, as a historical source are used.

Materials from mass media are studied and analysed.

**The practical importance of work.** Results of dissertational work can be used by preparation of proceedings and manuals on the newest history of Kyrgyzstan, and also in uchebno-pedagogical process.

**The structure of dissertational work** - dissertational work consists of the introduction, three heads, the conclusion, practical recommendations, the list of the used literature and sources.